Весьма интересным вариантом систематизации знаний в комплексных заданиях, составленных на основе осуществления межпредметных в ввутрипредметных связей, является в учебном процессе решение специально разработанной системы задач, заданий и вопросов проблемного характера (разных уровней сложности).

Педагогические задачи могут решаться по разному, так при изучении профилирующего курса "Резание материалов, станки и инструменты" перед студентами ставилась проблемная задача определить силу резания опытным путем. При этом студенты были разделены на бригады (2-3 чел), им предлагались контурные схемы прибора. Лучшие из них при совместном обсуждении была приняты за основные, на их базе разработан и изготовлен прибор - динамометр, по которому можно определить силу резаная.

Другим примером творческой активизации в интенсификации самостоятельной работы студентов явилась разработка конструкции и изготовление безопасного ключа для патрона токарного станка.

При этом была использована фронтальная постановка задачи. Причем в начале преподавателем были продемонстрированы недостатки обычного традиционного ключа а т.ж. предложен один из вариантов нового. Решением поставленной проблемы, при коллективном обсуждением было принято наиболее рациональное предложение.

Для поддерживания интереса использовались средства морального поощрения с учетом ее формального, творческого отношения студентов к самостоятельной работе. Контроль же со стороны преподавателя за результатами работы дал возможность сделать ее обязательной для всех студентов, обеспечить более полный учебный в воспитательный эффект. При контроле преподаватель выявляет достоинства и недостатки работы каждого студента, помогает обнаружить ошибки, пробелы в знаниях, дает советы по их устранению.

Результаты эксперимента показывают, что применение проблемных задач способствует повышению активности самостоятельной деятельности студентов и помогает им творчески подходить к обучению и воспитанию учащихся в школе.

ЛИТЕРАТУРА

1. Асаналиев М.К. Организация самостоятельной работы на аудиторных занятиях. –Каракол, 1996.
2. Бушнева Н.А. Методическое руководство по применению многобальной системы оценки знаний студентов. -Алматы, 1992.
3. Горбунов В.П. Резание металлов, металлорежущие станки. –М., 1988.

УДК 378.322

Н.О. Мааткеримов, Д.Ш.Алиева

*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

## СТУДЕНТТЕРДИН ЧЫГАРМАЧЫЛ ТААНЫП БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Макалада учурдагы педагогикалык илимдин жетишкендиктерин талдап, авторлор инсандык-багытталган билим берүүнүн парадигмасын чагылдырышты. Инновациялык ыкмалардын негизинде студенттердин чыгармачыл таанып билүү ишмердүүлүгүнүн өнүктүрүү жолдорун сунушташты.*

Традициялык билим берүүдө окутуу ишмердүүлүгүнүн системасы бир канча деңгээлде мурда белгилүү маселелердин чечилишинин көбөйүшү менен байланыштуу болгондуктан, анда чыгармачыл компоненттин катышуусу аз өлчөмдө берилген, ошондуктан билим берүүнүн максаты чыгармачыл ишмерлерди даярдоо менен гана чектелбестен, алардын алган билим билгичтиктерин, жөндөмдүүлүктөрүн репродукциялоо болуп саналат [5].

Азыркы шартта маалыматтарды иштеп чыгуу системасы, интеллектуалдык

ишмердүүлүктүн автоматташтыруу каражаттарын, компьютердик техниканы өзүнө камтыйт. Ушуга байланыштуу адис чыгармачыл башталышты алып жүрүүчү катары каралат. Мындан адиске жана билим берүү системасына болгон талап өзгөрөт, б.а. чыгармачыл ишмердүүлүккө жөндөмдүү адисти даярдоо маселелери келип чыгат.

Азыркы учурда педагогика илиминде традициялык жана ошондой эле инновациялык билим берүүнүн көптөгөн формалары бар.

Бирок бул билим берүү формаларына билим берүү процессин толугу менен ачып көргөзүүчү структуралык компоненттер таандык, тагыраак айтканда: максаттуу, керектүү-мотивациялык, мазмундуу, операциялык-ишмердүүлүк, эрктик-эмоционалдык, текшерип-жөнгө салуучу жана жыйынтыктуу-баалоочу жаңы педагогикалык менталитетти өнүктүрүүнүн актуалдуулугу болуп, жаңы технологияларды жайылтуу жана анын негизи болуп билим берүүнүн парадигмасынын инсандык-багыттуулугу саналат [4].

Студенттердин таанып билүү ишмердүүлүктөрүн окуу процессинде үч деңгээлде анализдегенде, анын бирдиги болуп окуу маселеси саналат, жана педагогикалык билим берүүдө бул көз карашты талдап көрүп биз төмөнкү жыйынтыкка келдик: чыгармачылык таанып-билүү активдүүлүгүн калыптандыруу үч базалык концепцияны кароону талап кылат жана концепциянын негизинде төмөнкү конструкциялар аткарылат:

1. Окуу процессин окутуунун инсандык-багыттоочу модели катарында И.Я.Лернердин, П.Я. Гальпериндин эмгектерин изилдеп аталган көйгөйдү чечүүдө төмөнкү педагогикалык катнашты түзүү керектиги чыкты:

ОИ+ББИ=ОМ.

(окуунун ишмердүүлүгү+билим берүүнүн ишмердүүлүгү = окутуунун максаттары).

Бул катнаш окутуунун максатына жетүүдө оптималдуу жолду көргөзөт. Берилген концепцияда билим берүү ишкердүүлүгү басымдуулук кылбайт (традициялык көз караш инновацияга жол берет), окуу ишкердүүлүгү менен бирге иштөө стадиясына өтөт. Бул бардык процесстер педагогдун жекечелигин өнүктүрүүгө багытталышы керек. Биринчи концепция төмөнкү экөөнүн келип чыгышына өбөлгө түзөт.

2. В.Г.Разумовскийдин, И.П. Подласыйдын изилденген эмгектеринин негизинде: экинчи концепциянын маңызында "эрк берүү", б.а. студенттин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу жана өз алдынчалуулугун өнүктүрүү келип чыгат [4,5].

Ар бир студент өзүнчө ойлонууга жана өзүнчө иш аракет жасоого умтулат, алар өз максатына өзүнүн ыкмасы менен жетүүгө аракеттенишет. Ошондуктан окутуучунун милдети студентке өз алдынча изденүүгө эрк берүү болуп саналат [4].

3. Инновациялык окутуу педагогтун өз алдынча активдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган, ошондуктан окутуудагы профессионалдык багыттуулукту көргөзбөй кою туура эмес болуп саналат. Профессионалдык багыттуулук окутуунун ар бир этабына өз ордун алуусу зарыл. Бул концепциянын эсебинен окутуунун адекваттык методу студенттердин лабораториялык жана окуу изилдөө иштери аныкталышы керек [3].

Баарыбызга белгилүү аз чыгым жумшап көп жыйынтык алуу бул ар бир ишти уюштуруунун зарылдыгы. Чыгармачыл таанып билүү ишмердүүлүгү (ЧТБИ) мындай маселени уюштурууну өзүнө камтыйт: бөтөнчө аз чыгым жумшап жогорку деңгээлдеги чыгармачыл таанып билүү ишмердүүлүгүнө жетүү. Мында өзгөчө чыгымдардын бири болуп убакыт эсептелинет. Студенттердин коюлган максатына жетүүсү, иштеринин эффективдүүлүгү, натыйжалуу жыйынтыгы анын убакытты туура пайдаланышынан көз каранды [6].

Өз алдынча ишкердүүлүктөгү окутуучу менен студенттердин ортосундагы биргелешкен дидактикалык иш аракеттин маселелерин карап көрөлү: М.И.Махмутов окутуунун натыйжалуу таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн төмөнкү операцияларга бөлөт: 1) Проблемалуу кырдаалдын келип чыгышы; 2) Кыйынчылыктардын маңызын түшүнүү, маселе коюу. 3) Гипотезаны негиздөө жана божомолдуу көргөзүү же божомолдуу чечүү үчүн ыкма табуу. 4) Гипотезаны далилдөө. 5) Маселенин туура чечилишин текшерүү [7].

Проблемалуу кырдаалдын иш аракетинин шарттарында ушул 5 позициядан өткөндө, студенттер өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүктөрүнүн активдештирүү этаптарын өз

алдынча чечүүгө жетишти деп эсептесек болот.

Мында, мугалим менен студенттин дидактикалык өз ара иш аракеттери төмөнкү таблицада чагылдырылган.

*Окутуучу менен студенттин дидактикалык өз ара иш аракетт 'ринин жыйындысы*

*Таблица*

| № | Мугалимдин иш аракети | Студенттердин аракети |
|---|---|---|
| 1. | Проблемалуу кырдаал түзөт | Кыйынчылыктардын маңызын түшүнө билип кабыл алат. |
| 2. | Коюлган проблема боюнча студенттердин ой жүгүртүүлөрүн уюштурат | Проблемалуу кырдаалдан маселени бөлүп карайт (мүмкүн болушунча профессионалдык тилде). |
| 3. | Көрсөтүлгөн маселенин чечилишинин тууралыгын далилдейт | Маселени чечүүнүн гипотезаларын ырастайт же төгүндөйт. |
| 4. | Студенттер тарабынан чечилген маселелерди конкреттештирет, тактайт, жыйынтыктайт. | Проблеманы чечүүдөгү гипотезаны далилдейт. |
| 5. | Жаңы билимдерди далилдөө үчүн суроолорду коет, ал билимдерди практикада колдонулушу боюнча тапшырмаларды сунуш кылат. | Чечилген маселенин тууралыгын текшерет. |

Окуучу менен студенттин өз ара иш аракетинин таблицасынан, студенттин ЧТБИ түзүлүшүнүн деңгээлин, окутуу кандай деңгээлдеги проблемалуулук менен жүргүзүлгөндүгүнө көз каранды болот. ЧТБИ түзүлүшүнүн жогорку деңгээлдүүлүгү проблемалуулуктун эң жогорку деңгээлине туура келет.

Окуучунун ар тараптан өнүгүүсү, анын ар нерсени жасоого болгон талантынын өзгөчөлүгү бизге психология илиминен белгилүү [1]. М: Көптөгөн белгилүү окумуштуулар өзүнүн илиминен алыс башка бир топ нерселерге кызыгышкан. Уламышта айтылгандай улуу Пифагор мелдеш оюндарына катышып олимпиадаларда жеңиштерге жетишкен. Пьер Ферма болсо мыкты юрист жана белгилүү коомдук кызматкер болгон. Рене Декарт физиологияга кызыгып биринчилерден болуп рефлектордук реакциялардын схемасын түзгөн. Баарыбызга белгилүү XIX кылымда орус элинен чыккан улуу математик аял С.В. Ковалевская орус адабиятына да көптөгөн салымдарды кошкон.

Мындай мисалдарды биздин турмушубузда абдан көп келтирүүгө болот. Бирок мындан жыйынтык чыгарсак : адамдын кызыгуу жөндөмдүүлүгү канчалык күчтүү болсо ал анын башкы кызматын жеңилдетет деген тыянакка келебиз. Мисалы: А.П.Чеховдун жазуучулугуна, анын медицина илиминин таанып-билүүсү , кызыгуусу жардам берген, ал эми "адабияттык каармандар – илимий чеберчиликке таасир этет",-деген уулу физик А.Эйнштейн, ага Ф.Достоевскийдин каармандары улуу математикалык ачылыштарга караганда көбүрөөк салымын кошкон. Ошондуктан жашоодо бир гана илим менен чектелип,чоң эмгек жаратыш эч мүмкүн эмес [5].

Психологдордун айтымында адам баласы чыгармачылык менен иштеш үчүн анын психикасы жөндөмдүүлүк менен кабыл алуунун ортосундагы эмоционалдык-образдык маалымат жана сандык белгинин балансы менен камсыз болушу керек.

Билим берүү системасынын ийгилиги - студенттердин чыгармачыл жөндөмдөрүн ар тараптан өнүктүрүү болуп эсептелет.

Чыгармачыл жөндөмдүүлүктү ачуу жана иш жүзүнө ашыруу бул бир эле адамдын сыймыгы эмес, бул бүткүл коомчулуктун сыймыгы.

Андан тышкары проблемалуулуктун деңгээли – бул өнүгүүдөгү дидактикалык маселелердин ар кандай түрлөрүнүн чагылдырылышы.

Имитациялык сабактардын кээ бир белгилерин карап көрөлү. Бул сабактар чындыкты чагылдыруучу кырдаалдын бар экендиги менен айырмаланышат. Алар төмөнкү белгилер менен мүнөздөлүшөт: татаал маселелер же проблемалар коюлган маселеге негизделген конкреттүү суроолорду нормалдоо. Имитациялык сабактарды

өткөрүүдө, имитациялык көнүгүүлөр системасы колдонулат. Окутуучу студенттин таанып билүү ишмердүүлүгүнө көз салат жана жооптордун тууралыгын анализдейт. Бул сабактардын өтүү процессинде студент билимге гана ээ болбостон машыгууга жана чеберчиликке ээ болот.

Имитациялык моделдештирүүнүн алдында педагогикалык негизги проблеманы чечүүдө студенттердин таанып билүү ишмердүүлүктөрүн активдештирүүчү бирден-бир маанилүү багыттуулукту карайбыз. Ар түрдүү уюшулган системадагы адамдардын жүрүм-турумдарын имитациялоодогу катышуучуларды имитациялоо моделинин оюнчулары деп айтабыз.

Ишкер оюн имитациялык башкаруучу процессти элестетет, анда оюнчулар максат менен маселеге байланыштуу чечим кабыл алышат жана чечимдерди аткарууну уюштурат. Бул окутуунун формасы, окутуучу менен студенттин бирдиктүү иш аракетинин активдүү бөлүгү болуп эсептелет. Булар өз кезегинде келечектеги педагогтун инсандыгын өнүктүрөт.

Ишкер оюн – жөндөмдүүлүктү, ой жүгүртүүнү активдештирет. Ошондуктан оюндун процессинде башкы фактор болуп: имитациялык эксперимент жана кайта өндүрүү процесси аталат.

Имитациялык кырдаалдын (ишкер оюн) негизги максаттарына токтолсок:

- кызмат милдетин ишке ашыруу үчүн угуучулардын көндүмдөрүн, жөндөмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- тажрыйба алмашууга шарт түзүү;
- теориялык алган билимдерин практика менен айкалыштыруу;
- угуучулардын чыгармачылык, аналитикалык ой жүгүртүүлөрүн өз оюн эркин айтуусун жана өзүнүн көз карашын өнүктүрүү;
- пикирлешүү маданиятын жогорулатуу;
- оозеки сүйлөө тажрыйбасын бекемдөө жана өнүктүрүү.

Диспут - ар түрдүү турмуштук темалардын негизинде өздөрүнүн ачык ойлорун айтуу менен бирге нормаларды, эрежелерди,турмуштук позицияларды, көз-караштарды талдоо методу. Диспут өзүнүн максатына жетиши үчүн алдын ала талдала турган маселелер, катыша турган тарбиялануучулар, убактысы жана ошондой эле талдоонун эң негизги жоболору, эрежелери аныкталып, тарбиялануучуларга убагында жеткирилиши керек. Диспутту өткөрүү учурунда ар бир катышуучунун эркин болушуна жана өзүнүн оюн кеңири айтуусуна кеңири шарт түзүлүшү керек. Диспуттун максаты алдын ала бекитилген маселе боюнча жыйынтыкка келүү эмес, ал маселе боюнча студенттердин мамилесин, оюн ортого салуу. Ошол эле учурда туура уюшулган диспут тигил же бул адеп-ахлактык норманы, эрежени калыптоо үчүн жакшы жыйынтык берет.

Мелдеш - студенттерде атаандаштыкты пайда кылуу менен бирге аныкталган мүнөздөмөлөрдү, сапаттарды, кулк-мүнөздөрдү калыптоо ыкмасы. Мелдешүүнү абдан кылдаттык менен өткөрүү үчүн мелдештин максаты, мазмуну, баалоо критерийлери, өткөрүү убактысы, катышуучулардын саны жана аны өткөрүүнүн эрежелери алдын ала аныкталышы зарыл. Мелдеш өзүнүн максатына жетиши үчүн адилеттүү жана көз карандысыз жюри обьективдүү чечимдерди кабыл алышы керек. Мелдешти өткөрүүнүн эң негизги максаты - ачык, таза чыныгы таймашуунун негизинде күчтүүлөрдүн арасынан күчтүүлөрүн тандоо. Ошондуктан туура, адилет өткөрүлгөн мелдеш тарбиялоонун оң мотивин түзөт жана кыска мөөнөттүн ичинде болуп көрбөгөндөй жетишкендиктерди алып келет.

Жыйынтыгында К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университеттинде жогоруда токтолгон масалелердин бардыгы студенттердин арасында жүргүзүлүп келет жана ошондой эле алардын чыгармачылык таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн активдештирүүдө жана өнүктүрүүдө университетте эң жакшы шарттар түзүлгөн.

АДАБИЯТТАР:
1. Гальперин П.Я. Введение в психологию. -М.: МГУ, 1976.
2. Лернер И.Я. Дидактические основы методов обучения. -М.: Педагогика, 1981. -185 с.
3. Мамбетакунов Э.,Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери:Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. -Бишкек: Педагогика, 2002. -148 бет.
4. Подласый И.П. Педагогика: Новый курс. -М., ВЛАДОС, 1999. Кн.1: Общие основы. Процесс обучения. -576 с. - Кн.2. Процесс воспитания. -256 с.
5. Разумовский В.Г. Преподавание физики в условиях гуманизации образования. // Педагогика. -М.,1998, №6. 102-111 с.
6. Мааткеримов Н.О. Теоретические основы нормирования учебного процесса по молекулярной физике. - Каракол: ИГУ им.К.Тыныстанова, 2002, 210 с.
7. Махмутов М.И. Проблемное обучение: Основные вопросы теории, -М.: Педагогика,1997. -367 с.
8. Алиева Д.Ш., Асаналиев М.К., Мааткеримов Н.О. К проблеме формирования творческой деятельности студентов. // Педагогика, -Вып.1: Приложение к "Вестнику ИГУ". -Каракол, 2003, 43-49 с.

УДК 370.157

Aynur Pala

*Kyrgizstan-Turkey Manas University*

# ACTIVE LEARNING
## WHAT IS ACTIVE LEARNING?

Active learning is defined as any strategy "that involves students in doing things and thinking about the things they are doing" (Bonwell, C., & Eison, J. (1991).

"Active learning involves providing oppourtunities for students to meaningfully talk and listen, write, read, and reflect on the content ideas, issues, and concerns of an academic subject" (Meyers & Jones, 1993).

The role of the student and faculty member changes and both must be ready to accept those changes. Students must take responsibility for their own professional development and increase their level of participation in the process. Faculty must be ready to develop new skills and attitudes as they make the shift to an active learning environment.

## WHY ACTIVE LEARNING

"learning is not a spectator sport. Students do not leran much just sitting in classes listening to teachers, memorizing prepackaged assisgnments, and spitting out answers. They must talk about what they learning, write reflectively about it, relate it to past experiences, and apply it to their daily lives. They must make what they learn part of themselves (Chickering and Gamson, 1987)"

Most of the time, in a typical classroom settings, students are involved only passive in learning: i.e., in listening to the instructor, looking at the occasional overhead or slide, and reading (when required) the text book. Reseach shows that such passive involvement generally leads to a limited retention of knowledge by students.

Research evidence overwhelwing support the claim that students learn best when they engage with course material and actively participate in their learning.

Many faculty members assume that their role is to teach. Instead, think:

*My role is to help students learn.*

Teachers should actively involve students in the educational process and believe that the benefits to students include an increasd ability to utilize the cognitive skills of objectivity, creative thinking, judgment, interpretation, and problem solving while enhancing their affective behaviours. If students are to develop these skills effectively, they must be actively engaged with the subject and learning process. Under these circumctances, students are more likely to undertake a deep approach to learning and improve their academic performances. Students will perceive this improvement in their cognitive skills and affective behaviours and as a result, their self- esteem will be enhanced. As the students' academic performances improve, their motivation to participate in the educational process also increases. Finally, students who are actively engaged in this process develop an intellectual passion for wanting to understand and know the material. This fosters an attitute on the part of the student consistent with lifelong learning.